| | |
|---|---|
| | И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети |
| КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТ | БИЛИМ САПАТЫН КАМСЫЗ КЫЛУУ СИСТЕМАСЫ |
| | ДП- 01-ПП-2 |

**ЖАКТЫРЫЛДЫ**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
Окумуштуулар кеңешинин отурумунда
Протокол № 8
«29» 04 2026-ж.

**БЕКИТЕМИН**
И.Раззаков атындагы КМТУнун
ректору ____________ Чыныбаев М.К.

Буйрук № 1/84
«30» 04 2026-ж.

# И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КМТУнун ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ БОЮНЧА КОМИССИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**Бишкек, 2026**

## ӨЗГӨРТҮҮ БАРАКЧАСЫ

| **УЧА версиясы №** | **Өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген бөлүмдүн/пункттун № же абзац (бетти көрсөтүү менен)** | **КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин протоколунун № жана датасы** |
|---|---|---|
| 1 | | Протокол №8 29.04.2026 ж. |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин (мындан ары – КМТУ) Туруктуу өнүгүү боюнча комиссиясынын (мындан ары – Комиссия) түзүлүү тартибин, жоопкерчилик аймактарын, функцияларын, курамына коюлуучу талаптарды жана ишмердүүлүгүн уюштурууну жөнгө салат.

1.2. Комиссия университеттин жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн билим берүү, илимий, инновациялык жана социалдык ишмердүүлүгүн системалаштырууну камсыз кылган кеңеш берүүчү орган болуп саналат. Ал «И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин 2026–2030-жылдарга өнүгүү стратегиясы» программасынын алкагында туруктуу өнүгүү стратегияларын жана саясаттарын ишке ашырууга багытталган.

1.4. Комиссия университеттин ректорунун буйругу менен түзүлөт.

1.5. Комиссия түзүмдүк бөлүм болуп эсептелбейт жана жарандык укуктарды жана милдеттерди өзүнө албайт.

1.6. Комиссиянын курамында иштөө долбоордук негизде жүргүзүлөт, жана ал туруктуу өнүгүүнү өнүктүрүүгө кызыкдар болгон адамдардын катышуусу үчүн ачык болуп саналат.

1.7. Комиссия университетти башкаруу тутумунда КМТУнун туруктуу өнүгүү маселелери боюнча маалыматтык-аналитикалык борбордун ролун аткарат. Ал аркылуу кызыкдар тараптардын өз ара аракеттенүүсү камсыздалып, университеттин туруктуу өнүгүү багыттары боюнча ишмердүүлүгү талданат жана отчеттук-аналитикалык документтер даярдалат.

1.8. Комиссия өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, конституциялык мыйзамдарды, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын жана буйруктарын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомдорун жана буйруктарын, билим берүү тармагындагы Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин нормативдик-укуктук актыларын, ошондой эле КМТУнун Уставын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын 2018–2040-жылдарга карата Улуттук өнүгүү стратегиясы, Кыргыз Республикасынын Улуттук өнүгүү программасы, Кыргыз Республикасынын жогорку билим берүүнү өнүктүрүү стратегиясы;
- БУУнун Туруктуу өнүгүү максаттары (SDG), өзгөчө 4-максат (сапаттуу билим берүү), 8-максат (экономикалык өсүш жана иш менен камсыз кылуу), 5-максат (гендердик теңчилик) жана 13-максат (экологиялык туруктуулук).

1.9. Комиссиянын курамы жана ишмердүүлүгү жөнүндө маалымат университеттин расмий сайтында жайгаштырылат.

## 2. Терминдер, аныктамалар жана кыскартмалар

Кызыкдар тараптар – студенттер, бүтүрүүчүлөр, профессордук-окутуучулук курам, университеттин жогорку жетекчилиги (ректорат, окумуштуулар кеңеши), корпоративдик өнөктөштөр, академиялык өнөктөштөр, абитуриенттер жана алардын ата-энелери, жергиликтүү академиялык жана кесиптик коомчулуктар, уюштуруучу.

ESG (англ. Environmental, Social and Governance) – туруктуу өнүгүүнүн критерийлеринин системасы болуп, экологиялык, социалдык жана башкаруучулук факторлорду камтыйт. Бул – университет жаратылышка, адамдарга жана ачык-айкын башкарууга көңүл бурган башкаруу модели, ал инвестициялык жагымдуулукту жогорулатат жана тобокелдиктерди азайтат.

Бүгүнкү күндө ESG туруктуу өнүгүү стратегиясынын бир бөлүгү болуп, заманбап туруктуулук жана жоопкерчилик талаптарына шайкеш келүүгө көмөк көрсөтөт. Туруктуу өнүгүү модели – университеттин өнүгүү модели болуп, Бириккен улуттар уюмунун (БУУ) туруктуу өнүгүү максаттарына жетишүүнү эске алуу менен жоопкерчиликтүү билим берүү чөйрөсүн калыптандырууга багытталган, улуттук ESG күн тартибин эске алат, ошондой эле университет жүргүзгөн иш-чаралардын негизинде илимий, социалдык, маданий, экономикалык жана экологиялык оң системалык натыйжаларды камсыз кылат.

Университеттин туруктуу өнүгүү багыттары:

- айлана-чөйрөгө тийгизген таасирди азайтуу менен байланышкан экологиялык аспектилер, анын ичинде парник газдарынын чыгышы, ресурстарды керектөө жана калдыктарды башкаруу;
- ички жана тышкы кызыкдар тараптардын жашоо деңгээлин жогорулатууга багытталган социалдык аспектилер, анын ичинде кеңири чөйрөдөгү абитуриенттер, студенттер жана өнөктөштөр үчүн сапаттуу билим берүү чөйрөсүн түзүү, адамдык жана социалдык капиталды бекемдөө аркылуу региондордун туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүү моделин калыптандырууга катышуу, ыктыярчылык жана студенттик кыймылды өнүктүрүү, социалдык-экономикалык жыргалчылыкты камсыз кылуу;
- жоопкерчиликтүү башкаруу аспектилери, анын ичинде университеттин туруктуу өнүгүүсүн башкаруу, жоопкерчиликтүү сатып алуулар, коррупцияга каршы практикалар жана кызыкдар тараптар менен өз ара мамилелерде кесиптик этика кодекси.

## 3. Комиссиянын максаттары жана милдеттери

3.1. Комиссиянын негизги максаты – Университеттин туруктуу өнүгүү боюнча учурдагы практикаларын системалаштыруу, аларды тышкы чөйрөдө илгерилетүү, ошондой эле Университеттин ишмердүүлүгүнүн ар кандай багыттарында туруктуу өнүгүү стандарттарын киргизүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат. Мындан тышкары, бул багытта кыргызстандык жана чет өлкөлүк илимий, академиялык жана корпоративдик өнөктөштөр менен кызматташууну кеңейтүүгө көмөктөшөт.

3.2. Комиссиянын милдеттери:

3.2.1. КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн билим берүү, илимий, инновациялык жана социалдык ишмердүүлүгүн туруктуу өнүгүү багыттары боюнча мониторинг жүргүзүү.

3.2.2. Туруктуу өнүгүү маселелери боюнча ата мекендик жана чет өлкөлүк университеттер, илимий борборлор, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар, бизнес жана мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү.

3.2.3. КМТУнун туруктуу өнүгүү жана ESG трансформациясы боюнча лидерлик позицияларын камсыз кылуу максатында ички жана тышкы кызыкдар тараптар үчүн илимий, агартуу жана кесиптик иш-чараларды координациялоо.

3.2.4. Университеттин ишмердүүлүгүнүн ар түрдүү тармактарына заманбап, алдыңкы ESG технологияларын киргизүү боюнча сунуштарды жана рекомендацияларды иштеп чыгуу.

## 4. Комиссиянын ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары

4.1. КМТУда туруктуу өнүгүү боюнча колдонулуп жаткан практикалар тууралуу маалыматтарды чогултуу жана системалаштыруу, ошондой эле аларды Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн университеттериндеги мыкты практикалар менен салыштыруу.

4.2. Туруктуу өнүгүү боюнча дүйнөлүк алдыңкы университеттик рейтингдердин методикаларын изилдөө жана көрсөткүчтөрүн талдоо, КМТУнун бул рейтингдерге катышуу мүмкүнчүлүктөрүн баалоо, талап кылынган көрсөткүчтөргө жетүү жолдору боюнча сунуштарды иштеп чыгуу. Университеттин жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн туруктуу өнүгүү көрсөткүчтөрүнүн максаттуу маанилерин негиздөө.

4.3. ESG жана туруктуу өнүгүү боюнча Университеттин маалыматтарын чогултууну уюштуруу жана талдоо жүргүзүү, улуттук жана эл аралык стандарттарга, ошондой эле дүйнөлүк алдыңкы университеттик рейтингдердин методикалык талаптарына ылайык маалыматтарды даярдоо жана рейтингдик агенттиктерге тапшыруу.

4.4. КМТУнун порталы үчүн туруктуу өнүгүү багытындагы ишмердүүлүккө арналган атайын бөлүмдүн мазмунун иштеп чыгуу жана андагы маалыматтардын актуалдуулугун камсыз кылуу.

4.5. КМТУнун ички документтерин даярдоо боюнча туруктуу өнүгүү багытында сунуштарды иштеп чыгуу, ошондой эле университеттин ар кандай ишмердүүлүк багыттарына туруктуу өнүгүү принциптерин киргизүү боюнча иш-чаралар планын түзүү.

4.6. Университеттин кыргызстандык жана чет өлкөлүк университеттер, илимий борборлор, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар, бизнес жана мамлекеттик органдар менен

туруктуу өнүгүү маселелери боюнча өз ара аракеттенүүсүн өнүктүрүү боюнча сунуштарды даярдоо.

4.7. КМТУнун туруктуу өнүгүү жаатындагы жетишкендиктерин аймактык жана эл аралык деңгээлде массалык маалымат каражаттарында жайылтууга көмөктөшүү, оң тажрыйбаларды таратуу аркылуу университеттин лидерлик позицияларын бекемдөө.

4.8. Туруктуу өнүгүү жана ESG ишке ашыруу боюнча КМТУнун жылдык отчетун даярдоо жана бул багыттагы жетишкендиктер тууралуу маалыматтарды кызыкдар тараптарга жеткирүү.

4.9. Университеттин туруктуу өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуу.

4.10. Туруктуу өнүгүү максаттарын (ТӨМ) окуу программаларына жана илимий изилдөөлөргө интеграциялоо.

4.11. Экологиялык агартуу боюнча иш-чараларды уюштуруу.

4.12. Туруктуу кампус практикаларын киргизүү (энергияны үнөмдөө, калдыктарды өзүнчө чогултуу).

## 5. Комиссияны түзүү тартиби, ыйгарым укуктарынын мөөнөтү жана курамы

5.1. Комиссиянын баштапкы жеке курамы университеттин ректорунун буйругу менен бекитилет. Комиссиянын курамы университеттин жетекчилигинин өкүлдөрүнөн түзүлөт:
- бардык ишмердүүлүк багыттары боюнча проректорлор (алардын бири Комиссиянын төрагасы болуп дайындалат) – административдик чечимдерди кабыл алуу үчүн;
- окуу башкармалыгынын өкүлдөрү;
- КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү (директорлор, бөлүм башчылар, кафедра башчылары).

5.2. Комиссиянын курамын өзгөртүү Комиссиянын жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынган чечиминин негизинде университеттин ректорунун буйругу менен жүргүзүлөт.

5.3. Комиссия кеминде беш мүчөдөн турат.

5.4. Комиссияны анын мүчөлөрүнүн арасынан биринчи жыйында шайланган төрага жетектейт.

5.5. Учурдагы иштерди уюштуруу жана координациялоо, жыйындардын протоколдорун жана башка документтерди жүргүзүү үчүн Комиссиянын катчысы шайланат.

5.6. Комиссиянын ишине эксперт катары анын курамына кирбеген, бирок тиешелүү тажрыйбага жана кесиптик билимге ээ болгон адамдар тартылышы мүмкүн.

5.7. Комиссиянын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү чектелбейт.

## 6. Комиссиянын ишмердүүлүгүн уюштуруу тартиби

6.1. Комиссиянын ишинин уюштуруучулук формасы – жыйындар болуп саналат.

6.2. Комиссиянын кезектеги жыйындары жылына кеминде төрт жолу өткөрүлөт.

6.3. Кезексиз жыйындар зарыл болгон учурда, Комиссиянын төрагасы тарабынан аныкталган мөөнөттөрдө, ректордун, проректорлордун демилгеси менен же Комиссия мүчөлөрүнүн сунушу боюнча өткөрүлүшү мүмкүн.

6.4. Жыйын Комиссия мүчөлөрүнүн кеминде 50% катышкан учурда укуктуу болуп эсептелет.

6.5. Комиссиянын чечимдери жыйынга катышкан мүчөлөрдүн жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурда төраганын добушу чечүүчү болуп саналат.

6.6. Комиссиянын жыйындары протокол менен тариздделет.

6.7. Протоколдорго Комиссиянын төрагасы жана катчысы кол коёт.

6.8. Жыйындын протоколунда төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:
- жыйын өткөрүлгөн жер, дата жана убакыт;
- жыйынга катышкан Комиссия мүчөлөрү, анын ичинде онлайн форматта катышкандар;
- кворумдун болушу жана жыйындын укуктуулугу;
- жыйын өткөрүүнүн демилгечиси;

- жыйындын күн тартиби;
- талкууга же добуш берүүгө коюлган маселелер.

6.9. Комиссиянын төрагасы:
- Комиссиянын ишмердүүлүгүн жетектейт;
- ушул Жобо менен аныкталган милдеттердин аткарылышын камсыз кылат;
- ишмердүүлүктүн артыкчылыктарын аныктайт жана Комиссия мүчөлөрү менен макулдашуу аркылуу иш планын түзөт;
- жыйындын күн тартибин бекитет;
- Комиссиянын жыйындарын алып барат;
- кызмат адамдары менен болгон мамилелерде Комиссияны өкүлчүлүк кылат;
- отчеттуулукту бекитет;
- Комиссиянын курамын өзгөртүү боюнча чечимдердин долбоорлорун сунуштайт;
- Комиссиянын ишин уюштурууга байланыштуу маселелерди чечет;
- башка ыйгарым укуктар Комиссиянын чечими менен белгилениши мүмкүн.

6.10. Комиссиянын катчысы:
- документ жүгүртүүнү жүргүзөт, жыйындардын протоколдорун түзөт жана кабыл алынган чечимдерди тариздейт;
- Комиссиянын ишин уюштурууга көмөк көрсөтөт;
- башка ыйгарым укуктар Комиссиянын чечими менен белгилениши мүмкүн.

6.11. Комиссия мүчөлөрүнүн ыйгарым уктары:
- жыйындарга катышуу;
- кошумча милдеттерди демилгелөө;
- чечим долбоорлорун сунуштоо;
- кезексиз жыйындарды өткөрүүнү демилгелөө;
- башка ыйгарым укуктар Комиссиянын чечими менен белгилениши мүмкүн.

## 7. Комиссия мүчөлөрүнүн жоопкерчилиги

7.1. Мүчөлөр өз укуктарын ишке ашырууда жана милдеттерин аткарууда Университеттин кызыкчылыктарын жетекчиликке алып, өзүнө жүктөлгөн милдеттерди ак ниеттүүлүк жана акыл-эстүүлүк менен аткарууга тийиш.

7.2. Комиссия мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарынын мезгилинде жана алар аяктагандан кийин да, Комиссиядагы ишмердүүлүгүнө байланыштуу алган (же мурда алган) маалыматтарга карата купуялуулукту сактоо талаптарын сактоого милдеттүү.

7.3. Комиссия мүчөлөрү Комиссиядагы ишмердүүлүгүнө байланыштуу алган купуя маалыматтарга карата купуялуулукту сактоо талаптарын бузган учурда, ошондой эле Университеттин Уставында жана ички документтеринде каралган башка талаптарды сактабаган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

7.4. Комиссиянын ишине тартылган башка адамдар, анын ичинде жыйындарга катышууга чакырылган, бирок Комиссиянын мүчөсү болуп саналбаган адамдар, мындай маалыматтарды ачып бербөө жөнүндө келишим (купуялуулук келишими) түзүлгөндөн кийин гана ички документтерге ылайык купуя маалыматтарга жетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алышат.

7.5. Комиссиянын протоколдору катчыда сакталат. Сактоо мөөнөтү Комиссиянын чечими менен белгиленет.

МАКУЛДАШЫЛДЫ:

УИБ башчысы ______________________________ Исраилов А. Ж.